**МАКУЛДАШЫЛДЫ**
Кесиптик бирлик уюмунун төрагасы
_____________
_____________2022-жыл

**БЕКИТЕМ**
Мектеп директору
_____________
___ - ______2022-жыл

*(Бул жобо Кыргыз республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндги №92 «Билим берүү жөнүндө» жана КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүү уюму жөнүндө» типтүү жобонун негизинде кабыл алынды)*

**В.И.Ленин атындагы жатак- мектебинин ата-энелер комитети жөнүндө**

**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Коомдук өзүн – өзү башкаруу уюмунун бир тармагы катары ата-энелер комитети окуучуларды социалдык жактан коргоо боюнча өз алдынчалыкка ээ.
1.2. Мектептин ата-энелер комитети ата - энелердин арасында шайлоо жолу менен бир жылда бир жолу шайланат.
1.3. Өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө ата-энелер комитети "Бириккен улуттар уюмунун балдар жөнүндө конвенциясын",Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Билим жөнүндө мыйзамынын жана башка укуктук нормативдик актыларды жетекчиликке алуу менен окуучуларды социалдык коргоого алуу милдеттин аркалайт.
1.4. Ата-энелер комитетинин чечими сунуш берүүчүлүк мүнөзгө ээ, ата-энелер комитетинин чечимдери мектеп директорунун буйругу менен тастыкталган учурда милдеттүү болуп эсептелет.

## 2. Ата-энелер комитетинин негизги функциялары

2.1. Мектептеги билим берүү процесине көмөктөшүү, окуп жаткандардын өмүр жана ден соолук коопсуздугуна, алардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого, мектептеги класстан тышкаркы иштерди уюштурууга көмөктөшүүгө;
2.2. Окуучулардын милдеттери, укуктары жөнүндө ата-энелер жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө;

## 3. Мектептин ата-энелер комитетинин укуктары

Мектептин ата-энелер комитети мектептин уставына ылайык төмөнкүдөй укуктарга ээ
3.1. Окуучулардын мектеп ичиндеги тартибине, өзүн алып жүрүү маданиятына, улууларга жана ата-энесине камкор мамиле жасоого тарбиялоого;
3.2. Ата-энелердин жана мыйзамдуу өкүлдөрдүн педагогикалык маданиятын жогорулатууга;
3.3. Мектепти жаңы окуу жылына даярдоо ишине катышууга;
3.4. Мектепте окуу процессинин коопсуздугун, санитардык гигиеналык эрежелерин сакталышын камсыздоого, окуучулардын ата – энелердин жана мыйзамдуу өкүлдөрүнүн класстан жанамектептен тышкарки иштерге активдүү катыштырууга, массалык спорттук, көркөм чыгармачылык, техникалык кружокторго активдүү катышуусуна көмөктөшүүсүнө;
3.5. Окуучуларды билим алууга жоопкерчилик менен мамиле кылууга, эмгекти сүйүүгө, өзүн-өзү өнүктүрүүгө, мектеп менен иш алып баруу маданиятын

өгүктүрүүгө, кошумча маалыматтык системалар менен иштөө көндүмдөрүнө ээ кылуу ишине активдүү катышууга, ата-энелерге жана мыйзамдуу өкүлдөргө балдарды тарбиялоодогу укук милдеттерин так аткарууга багыттоого;

3.6. Мектеп адмнистрациясы менен бирдикте балдардын тамактануусун сапатын жогорулатууга, көмөктөшүүгө;

3.7. Ата-энелер комитети ата-энелердин жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн мугалимдердин профиционалдык ишмердүүлүгүнө кийлигишүүгө уруксат берилбейт.

## 4. Сунуш киргизүү укугу

4.1. Мектептин ички локалдык актыларын түзүүдө өзүнүн компотенциясына ылайык сунуштарды киргизүү укугуна ээ;

4.2. Окуу тарбиялоо процессине аларды уюштурууга байланыштуу сунуштарды киргизүү укуктарына ээ;

4.3. Мектептин ата-энелер комитети мектептин коллективи менен бирдикте кылмыштуулуктун алдын алуу, балдардын көзөмөлсүз калышы, тартип бузуусу тууралуу биргеликте иш алып барууга.

## 5. Ата-энелер комитетинин укуктары

Жогорудагы Жобого ылайык мектептин ата-энелер комитети төмөнкүлөргө укуктуу

5.1. Ата-энелер комитети мектептин адмнистрациясы менен бирдикте кайрылуулардын жыйынтыктары тууралуу маалымат алуу укуктарына ээ;

5.2. Ата-энелер комитети өзүнүн отурумдарына атайын адистерди жана тиешелүү ата-энелерди чакыруу укукгуна ээ;

5.3. Окууда айырмаланган, өзгөчөлөнгөн атайын сыйлыктарга көрсөтүүгө ошондой эле үлгүлүү ата-энелерди дагы сыйлоого көрсөтүү укугуна ээ;

5.4. Мектептин Ата-энелер комитети өзүнүн ишмердүүлүгүн атайын түзүлгөн пландын негизинде алып барат, ата-энелер комитетинин төрагасын жана анын орун басарларын кайра шайлоо укугуна ээ;

5.5. Ата-энелер комитети мектептин ата-энелер комитетинин ишин токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу укугуна ээ;

## 6. Ата-энелер комитетинин ишин уюштуруу

6.1. Мектептеги ата-энелер комитетинин курамына класстардагы ат-энелер комиттеттердин мүчөлөрү кирет;

6.2. Ата-энелер комитетинин биринчи отуруму 10-октябрга чейин өтүүсү шарт;

6.3. Ата-энелер комитети өзүнүн курамынын өзүнүн ичинен ата-энелер комитетинин төрагасын, орун басарын жана секратарды шайлап алышы шарт;

6.4. Ата-энелер комитетинин толук составы коомдук башталышта иш алып барат;

6.5. Ата-энелер комитетинин төрагасы документтерди иреттештирүү иштерин алып барат,комиттеттин составындагы комиссиялардын ишин координациялайт жана ата-энелер комитетинин отурумдарын алып барат, Ата-энелер комитетимектеп диретору менен макулдашылган атайын иш пландын негизинде иш алып барат. Ата-энелер комитетинин иш планы мектептин жалпы иш планын бир бөлүмү болуп эсептелет.

6.6. Окуучулардын тартиби, жүрүш турушу, окуусун өздөштүрүүсү боюнча маселе каралганда ата-энелер комитинин отурумуна ошол окуучунун ата-энеси катышуусу шарт.

6.7. Тиешелүү чечим кабыл алыш үчүн отурумга ата-энелер комитетинин жарымынан көбү катышуусу мүмкүнчүлүк берет.

6.8. Ата-энелер комитетинин чечимине ылайык мектеп адмнистрациясы ата-энелер комитетинин чечими боюнча атайын өзүнө ылайык чечим чыгарууга тийиш жана ал тууралуу ата-энелер комитетине билдирүүсү керек.

## 7. Ата-энелер комитетинин милдеттери жана жоопкерчилиги

7.1. Мектептин ата-энелер комитети өзүнө бөлүнүп берилген милдеттерди жана функцияларды толук көлөмдө аткарышы керек.
7.2. Мектеп адмнистрациясы жана ата-энелер менен өз ара түшүнүшү аркылуу үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиялоону ишке ашырышат.

## 8. Ата-энелер комитетинин иш кагаздары

8.1. Ата-энелер комитетинин ар бир отурумунун протоколун түзөт;
8.2. Окуу жылы башталгандан баштап ата-энелер комитетинин отурумдарынын протоколдорунун номерлери коюлат;
8.3. Ата-энелер комитетинин протоколдору ошол мектептин иш номенклатурасына катталат жана белгиленген тартипке ылайык мектепте сакталат;
8.4. Ата-энелер комитетинин иш кагаздарын алып баруу ата-энелер комитетинин төрагасына жүктөлөт;

## 9. Жыйынтыктоочу жоболор

9.1. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
9.2.Берилген жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү мектептин педагогикалык кенешинде берилген сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилип, бекитилет.